КАРАЛДЫ
№1 педагогикалык кеңеште
30.08.2022

БЕКИТЕМИН
Н.Рахманов атындагы орто
мектебинин директору
_________ Дюшенбаева С.Э.
01.09. 2022

# Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин
# класс жетекчинин кызматтык нускамасы
# Жалпы мазмуну (жобо)

Төмөнкү көрсөтмө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Конвенциянын негизинде түзүлгөн.

Класс жетекчинин мектеп директору бекитет жана бошотот. Эмгекке жараксыздык жана эс алуу убакыттарында милдеттеме тажрыйбалуу мугалимге жүктөлөт.

Класс жетекчи социалдык жана башка суроолор боюнча мектептин директоруна жана анын орун басарларына баш ийет.

Класс жетекчилик кызматындагы эң негизги милдет-баланы коргоо жана анын акыл-ой руханий жана дене түзүлүшүнүн эркин өнүгүүсүнө шарт түзүү.

1. **Ден соолукту коргоо боюнча класс жетекчинин иш аракетти .**

- Балдардын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөрдү билүү;
- Баланын тукум кууган жана өнөкөт ооруларын билүү;
- баланын психикалык абалын,мүнөзүн,темпераментинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн тест жүргүзүү;
- Мектептин дарыгери жана ата-энелер менен бирдикте денени чыңдоо боюнча программаларды туура дем алуу,дене түзүлүштүн өнүгүшүнө ар-түрдүү машыктыруунун көнүгүүлөрүн түзүү,жашоонун режимин түзүүгө жардам берүү;
- Дарыгерлерге жардам берүү,окуучулардын диспансердештирүүсүнө катышуу;
- Оорулардын алдын алуу,иш-чараларды өткөрүү ,физкультминуткаларды жүргүзүү;
- өздүк гигеналар жөнүндө аңгемелешүү ;
- Кырсык жана майып болуу тууралуу эскертүү боюнча профилактика жүргүзүү;
- Спорттук мелдештерди жана таза абадагы оюндарды уюштуруу;
- ”Кичи педкеңештерде” үй тапшырмаларды өтө көп берүүнү жоюу максатында материалды норма боюнча үй тапшырмалардын мазмуну тууралуу, жазуу тапшырмалардын саны жөнүндө программаларды карап чыгуу;
- Жашоонун сергек мүнөзүн пропагандалоо;

2. **Окуучунун үй-бүлөөсү менен класс жетекчинин өз ара байланышы**. Окуучунун үй-бүлөсүн (билүү) анын тарбиялык мүмкүнчүлүгүн жана шартын (изилдөө) байкоо.

- (мектеп үй-бүлөө) позициянын негизинде окуучуларга жалпы педагогикалык талаптарды иштеп чыгуу;
- Класстан сырткы иштерге тартуу максатында ата-энелер менен жекече иш алып баруу;
- Ата-энелердин педагогикалык маданияттуулугун жогорулатуу үчүн системалуу түрдө иштөө;